**НББП даярдоо максаттары:**

**531000 Филология багыты боюнча ЖКББ НББПсынын инсанды окутуу жана тарбиялоо багытында даярдоосунун максаты**

**Филологиялы багытынын НББПнын миссиясы –** ***Кыргыз Республикасындагы билим берүүдө улуттук нарк-баалуулуктарды өздөштүргөн, инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн жогорку квалификациялуу, көйгөйлөрдү чече билген адистерди даярдоо.***

**Филология багытынын НББПнын максаттары:**

1. Кыргыз тилин эне тили жана мамлекеттик тил катары өнүктүрүүгө өз салымын кошо алган, билим берүүгө коюлуп жаткан соңку талаптарды турмушка ашырууга активдүү катышкан жогорку билимдүү адистерди даярдоо.
2. Кыргыз тили жана кыргыз адабияты боюнча таалим-тарбия берүүнү азыркы психология жана педагогика илимдеринин ийгиликтерине таянуу жана колдонуу менен уюштурууга, белгиленген натыйжаларды алууга жетишкен адистерди даярдап чыгаруу.

**Филология багытынын НББПнын милдеттери:**

- филологиялык билим берүүгө өбөлгө, шарт түзүүчү материалдык-техникалык, илимий-методикалык адабияттар, каражаттар жана тажрыйбалуу окутуучу-профессорлор курамын түзүү;
- адистикке байланыштуу негизги компетенттүүлүктөргө ээ болгон окутуучулук, изилдөөчүлүк, уюштуруучулук ж.б. иш-аракеттер боюнча мыкты илимий-практикалык маалыматтарга ээ болгон адистерди даярдоо;
- кыргыз тилин окутууда, мамлекеттик тилди колдонууда жана жайылтууда өлкөдө жүрүп жаткан билим берүү саясатынын жоболоруна таянган, аларды ишке ашырууга салым кошкон адистерди даярдоо.

**1.3. НББПны өздөштүрүүнүн нормативдүү мөөнөтү**

Жогорку адистик билим берүүдө **НББПны өздөштүрүүнүн нормативдүү мөөнөтү** 531000 – «Филология» багыты боюнча бакалаврды даярдоо күндүзгү окуу формасында - 4 жыл, сырттан окуу формасында – 5 жыл.

**1.4. НББПны өздөштүрүү эмгек көлөмү**

Бакалаврды даярдоо боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын эмгек көлөмү жалпы 240 зачеттук бирдикке (кредитке) барабар.

Ал эми бир семестр үчүн 30 зачеттук бирдик (кредит)

**1.5. Абитуриенттердин даярдалгандыгынын деңгээлине коюлуучу талаптар:**

1.5.1 «Бакалавр» академиялык даражасын алуу менен жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли - жалпы орто билим же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билим.

1.5.2. Абитуриенттин жалпы орто билими же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документи болушу керек.